УДК:172

*Сейдалиева Мира, улук окутуучу*
*Жолдошова Зульфия, окутуучу*
*Ош мамлекеттик университети*

# БИОЭТИКАНЫН ДҮЙНӨКАРАШТЫК МАҢЫЗЫ

# МИРОВОЗЗРЕНЧЕСКАЯ СУЩНОСТЬ БИОЭТИКИ

# WORLD OUTLOOK ESSENCE OF BIOENHICS

***Аннотация:*** *Макалада биоэтиканын дүйнөкараштык мазмуну талданып, медициналык илим жана практика үчүн маанилүүлүгү белгиленген.*

***Аннотация:*** *В статье анализируется мировоззренческое содержание биоэтики, обозначена ее роль для медицинской науки и практики.*

***Abstract:*** *The article analyzes the world outlook of bioethics, defines its role for medical science and practice.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *биоэтика, дүйнөкараш, гуманизация, илимий-техникалык прогресс, аксиологиялык ченем.*

***Ключевые слова:*** *биоэтика, мировоззрение, гуманизация, научно-технический прогресс, аксиологическое измерение.*

***Key words:*** *bioethics, world outlook, humanization, scientific and technical progress, axiological measurement.*

Дүйнөгө болгон көз караштын чегинде врачтык этиканын нормаларын, принциптерин ишке ашыруу, адамдын ден соолугун жана жыргалчылыгын сактоонун гендердик аспектилерин актуалдаштыруу, инсандын өмүрүн аксиологиялык негиздөө биоэтикалык проблемаларды изилдөөнүн негизги багыттарын аныктайт. Салабаттуулук, кең пейилдик жана ак ниеттүүлүк, асылзаттык жана ыкластуу мамиле, сылыктык жана адептүүлүк сапаттары дарыгердин жүрүм-турум нормаларына кирет. Бул өзгөчөлүктөр медицинадагы башкы осуяттардын бири – кылдаттык жана этияттыкты сактоонун маанилүүлүгүн аныктайт. Дарыгердикти билим, тажрыйба, философиянын өзгөчө сапатка ширелишкен феномени деп аныктоого болот. Ушундай феномен гана адамдын ички сезимин аңдап-түшүнүүгө мүмкүндүк берет [1, 57-б.].

Биоэтика коомдук аң-сезимде инсандардын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырууга өбөлгө түзүп, азыркы илимди жана саламаттыкты сактоо чөйрөсүн гумандаштыруу процессин тездетет. Аталган процесс социумдагы илимий жана нравалык өнүгүүнүн ортосундагы ажырымды жеңүүгө; биомедицинадагы жаңы технологиялардын натыйжасында пайда болгон реалийлерди баалоодо, талдоодо нравалык параметрдин кемчиликтерин толуктоого; биомедицинадагы моралдык проблемаларды талкуулоонун социалдык чөйрөсүн кеңейтүүгө, илимий прогресске позитивдүү мамилени калыптандырууга, салттуу медицинага карата ишенимди жандандырууга багытталган.

Учурдагы медицинага дарыгердик ишмердүүлүк үчүн шарттардын тез өзгөрмөлүүлүгү мүнөздүү. Илимий техникалык прогресс мурда болуп көрбөгөн жаңы нравалык-этикалык проблемаларды, нравалык жагдайларды жаратууда. Ал маселелердин чечилишинде мурункулардын нравалык тажрыйбасына таянуу кыйын, ошондуктан мындай кырдаалдар терең, нравалык-укуктук, гумандуу изилдөөлөрдү талап кылат. Бул учурда дарыгердин алдында бүгүнкү күндүн нравалык-этикалык маселелерин чыгармачылык менен гана чечүү маселеси эле эмес, илимий-техникалык революциянын таасиринде өнүгүп жаткан медициналык илим, практикадагы жана социалдык-укуктук мамилелердин өзгөрүшүнүн натыйжасында келип чыккан укуктук, этикалык, социалдык, психологиялык карама-каршылыктарды, маселелерди чечүү үчүн дарыгердик моделди түзүү зарылдыгын да жаратты. Кесипке даярдоодо болочок медициналык кызматкерлер

миң жылдар бою топтолгон медицинадагы нравалык тажрыйбага, дарыгерлик илим менен практиканын өнүгүүсүндөгү объективдүү тенденциялардан жана багыттардан келип чыккан маселелерди чечүүдө илимий негизделген укуктук-нравалык багыт берүүчү да тажрыйбага ээ кылуучу даярдыкка ээ болушу зарыл. Айрыкча органдарды трансплантациялоо дарыгерлердин деонтологиялык даярдыгынын алсыз жактарын көрсөтүүдө. Медицинадагы революциялык окуя катары каралган бул маселелердин нравалык-укуктук жактан чечилиши оор талаш-тартышты жаратты.

Илимий жана материалдык-техникалык аспектилерди иштеп чыгуу менен дарыгерлер бул процесстин социалдык-нравалык аспектилери жөнүндө терең ой жүгүртүп, трансплантацияны ишке ашыруудагы нравалык-укуктук, гуманисттик шарттар жетишсиз иштелип чыккан. Жаңы биомедициналык технологиялар түйүлдүктүн пайда болуу, адамдын төрөлүүсү жана өлүмү, дененин сак жана оору абалдарын моделдөө, анын физикалык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү, жынысын жана сырткы көрүнүшүн өзгөртүү процесстерине кийлигишүүгө мүмкүнчүлүк берди [3, 79-б.].

Гуманизм принцибине ылайык аксиологиялык ченемдердин эң башкы тепкичинде адам баалуулугу, укугу жана эркиндиги турушу зарыл. Жаңы гуманизмдин маңызы “адамдык маңызга” ээ болууда турат. Ал эми дүйнөгө болгон көз караш өзүнүн табияты боюнча гуманисттик мазмунга ээ болуу менен бирге адам болмушунун инсандык формаларын калыптандырууга багытталган. Философиялык дүйнөгө болгон көз караш болсо азыркы геосаясий мейкиндиктеги талаптарга адекваттуу кубулуш катары бардык илимдерде, биотехнологияларда пайда болгон проблемаларды чечүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Гуманисттик дүйнөгө болгон көз караш адамдан интеллектуалдык сынчыл ой жүгүртүүдөн тышкары этикалык даанышмандыкты талап кылган “ачык” рационализм принцибин да камтыйт [2].

Биоэтика өзгөчө формада илимдин гуманисттик маңызын ишке ашырууга, адамдын курчап турган дүйнөгө жана өзүнө карата мамилесинин универсалдуу-практикалык тибин түзүүгө аракет жасайт. Андыктан азыркы учурда субъекттин дүйнөгө карата мамилесинин калыптанып жаткан биоэтикалык моделин, ой жүгүртүүнүн биоэтикалык өбөлгөсүн индивиддин жашоо шартына айландыруу зарылдыгы жөнүндөгү маселени учур талабы катары коюу максатка ылайыктуу. Азыркы медициналык этика дарыгердин нравалык дүйнөкарашын калыптандырып, жаңы социомаданий шартта рационалдык далилдүү этиканын, практикалык философиянын, жашоо этикасынын мүнөзүн алып жүрүшү зарыл. Биоэтика өзүнүн интеллектуалдык мейкиндигинде илимий-теориялык жана баалуулуктук-дүйнөкараштык элементтерди айкалыштырат.

**Адабияттар:**


1. Фролов, И. Т. Этика науки: Проблемы и дискуссии/ И.Т. Фролов, Б. Г. Юдин. - М.: Книжный дом «ЛИБРОКОМ», - 2009.
2. Хрусталев, Ю. М. От этики до биоэтики/ Ю. М. Хрусталев. -Ростов/Д.: Феникс, - 2010.
3. Биоэтика в медицине [Электрондук ресурс]. - Режим доступа: http://zhivizdorovim.ru/zdorove/znaika/1795-bioetika.html.